DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



***ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ***

***ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***PHILOLOGICAL SCIENCES***

*Бакешова А.О.*

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН «САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ» ПОВЕСТИ: ТОЛГОНАЙДЫН ОБРАЗЫ - СОВЕТТИК АЯЛДЫН ТИПТҮҮ КӨРҮНҮШҮ

*Бакешова А.О.*

# ПОВЕСТЬ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «МАТЕРИНСКОЕ ПОЛЕ»: ОБРАЗ ТОЛГОНАЙ – ТИПИЧНЫЙ ОБРАЗ СОВЕТСКОЙ ЖЕНЩИНЫ

*A. Bakeshova*

# THE STORY OF CHINGIZ AITMATOV «THE MILKY WAY»: THE IMAGE OF TOLGONAI IS A TYPICAL IMAGE OF A SOVIET WOMAN

*УДК: 8:82*

*Макалада Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» повести талдоого алынып, залкар жазуучунун Улуу Ата-Мекендик согуштун залалы кандай оор болгондугун Толгонай аттуу каарманы менен көрсөтүп бергендигин, советтик аялдын типтүү образын түзүүдөгү ийгилигин, образ жаратуу ыкмасы кандай өнүккөндүгүн анализдөө менен бирге эмгекчи аялдын образы кандай түзүлгөндүгү изилденди. Толгонай – советтик аялдын типтүү өкүлү экендиги талданып келип, бул каармандын Улуу Ата-Мекендик согуш учурун чагылдырган каармандардан болгон айырмачылыгы, ал гана эмес Айтматовдун бул өңүттөгү каармандарынан да айырмаланып турары илимий анализдин жардамында ачып берүүгө аракет жасалды. Ошондой эле, Ч.Айтматов түзгөн «аялзатынын жаңы образынын» жаралышы коомдун чындыгын да ачып көрсөтүп тургандыгы талдоого алынды. Жазуучу совет адабиятындагы типтүү образды түзгөндүгүн, бирок замандаш жазуучуларынан айырмалып, «идеалдуу» образ түзбөгөндүгү анализденип, баасы берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *анализ, антропология, адам түшүнүгү, изденүү, синтез, образ, көйгөй.*

*В статье анализируется повесть Чингиза Айтматова «Материнское поле» и показывается, как великий писатель изобразил урон Великой Отечественной войны своим героем Толгонаем. Толгонай анализируется как типичная представительница советской женщины, и делается попытка выявить отличие этого персонажа от персонажей, изображающих Великую Отечественную войну, и даже отличных в этом отношении от Айтматовских персонажей. Также, проанализировано, что появление «нового образа женщины», созданного Айтматовым, также раскрывает реальность общества. Проанализировано и оценено, что автор создал типичный образ в советской литературе, но в отличие от современных ему писателей не создал «идеального» образа.*

***Ключевые слова:*** *анализ, антропология, концепция человека, поиск, синтез, образ, проблема.*

*This article is devoted to the story of Chyngyz Aitmatov «The Milky Way» and shows how the great writer portrayed the destruction of the Great Patriotic War by his main character Tolgonai. Tolgonai as a typical representative of a Soviet woman created by the author shoes his great ability and his success in making the woman image, and Aitmatov`s that attempt which was made to identify the difference between this character and the characters depicting the Great Patriotic War, and even different in this respect from Aitmatov's characters is analyzed. It is also defined that Aitmatov's creation of a «new image of a woman» also reveals the reality of that society. Also, that the author could make a typical image of a Soviet woman in this literature, comparatively with other contemporary writers, he did not create an «ideal» image unlikely is analyzed and evaluated in this article, too.*

***Key words:*** *analysis, anthropology, human concept, search, synthesis, image, problem.*

Доорубуздун залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов чыгармачылыгында кыргыз элинин XX кылымдагы басып өткөн жолунун урунттуу учурларынын дээрлик баары камтылган десек болот: совет бийлигинин алгачкы жылдары, агартуучулук идеясынын жайылышы, Улуу Ата-Мекендик согуш, тылдагы эмгек, согуш бүткөндөн кийинки бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү, сталиндик репрессия ж.б. жазуучу буларды жөн гана сүрөттөп тим болбостон, совет коомунун чындыгы, кыргыз адамынын жаңы коомдогу калыптанышы, дүйнө таануудагы гуманисттик баалуулуктарды түшүнүүсү, кандай коомдо жашабасын адам бойдон калуу ж.б. чагылдырган. Жазуучу адамзаттык баалуулуктарды дайыма издеп келген, кыргыз адамынын жаңы коомду кабыл алуусунан тарта, ал коомду куруучу да болгондугун, дал ушул коом менен бирге жаралган советтик кыргыз адамынын жан-дүйнөсү кандай жаңылангандыгы, өзгөргөндүгү, адамзаттык баалуулуктары түшүнө билүүсү кандай болгондугу сыяктуу маселелерди көтөрүп чыгууда изденүүлөрүн түзгөн ар кыл образдары менен алып чыккан. Бул өңүттө ал түзгөн аялзатынын образдары өзгөчөлөнүп, айырмаланып турат. Чындыгында улуу жазуучунун кыргыз адамынын, кыргыз аялзатынын, дегеле жалпы адамзаттын тагдыры дайыма ойлондуруп келген.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Мына ушул түйшөлүүсүн ар түрдүү образдар аркылуу ачыкка чыгарган. Анын образдары автордук дүйнө таанууну, же автордук концепцияны эле чагылдырып тим болбостон ошол доордун чындыгын, коомдук-саясий абалды, адамдардын жашоо образын да көрсөтүп берет.

Чыгармачылыкка киришкен жылдарынан тартып, алгачкы аңгемелеринен тартып, айлдын образын түзүү аракети түзүк чыгып, ийгиликтерди коштоп келген. Эгер чыгармачылыгын башынан карай турган болсок чыгармачылыгын баштаганда эле Улуу Ата-Мекендик согуш учурун сүрөттөө менен баштаптыр, 1957-жылы «Бетме-бет» повестин жарыялайт, 1958-жылы «Жамийла» повести, 1963-жылы «Саманчынын жолу» повестин жарыялайт. Мындай деп айтууга жазуучунун өзүнүн «Бетме-бет» повестин «биринчи адабий дебютум» деп айтканы себеп болууда. Ооба, буга чейин «Газетчи Дзюйо», «Асма көпүрө», «Ак жаан», «Түнкү сугат» деген аңгемелерин жарыялаган, бирок, эмнегедир жазуучу аларды дебюттук чыгармалары катары карабагандай? Мындай бүтүмгө келгенинин себеби да бар, бул үч повесть жазуучунун чыгармачылык жолунун башталышы эле эмес, чыгармачылыгындагы өзүнчө бир тилке, өзүнчө бир кубулуш болгон. Анткени, аталган повесттердин сюжеттик курулушу да, образдык курулмасы да башкача чыгармалар болгон. Үч повести бириктирип турган согуш мезгилин сүрөттөө менен бирге кыйын, оор учурдагы кыргыз аялынын тагдырларынын баяндалышы болгон. Үч башка адам, үч башка тагдыр, үч башка турмуштук кырдаалдагы аялдардын тагдырлары сүрөттөлгөн. Мына ушул жагынан повесттер, андагы каармандар, кыргыз аялынын үч башка образы бирок, бири-бирине жакындашып кеткен, улуу алаамат учурунда согуштун бүтүшүнө жеке жардамын берген аялдардын тагдырларынын сүрөттөлүшү менен бири-бирин улап кеткендей, эриш-аркак тургандай сезилет.

Согуш эркек адамдын иши, согуштун азабын, кыйын күндөрүн алар тартат – деген түшүнүк өмүр сүрүп келгени баарыбызга белгилүү, бул искусствонун бардык түрлөрүндө көбүрөөк чагылдырылат, бирок, аялзаты да согушка катышаарын XX кылымдагы кандуу көрүнүш болгон Экинчи дүйнөлүк согуш көрсөттү. Бул согушта аялзатынын ролу өтө чоң болгондугу, согуштун өзүнө барып, катышкандан тартып, тылда эмгектенген аялдар согушту жеңүүгө зор жардамдарын беришкен. Аялдардын эмгегисиз, алардын жеңишке кошкон салымдарысыз согуштун жеңишин элестете албайбыз. Бул көркөм чыгармаларда, искусствонун бардык түрлөрүндө, алган эмес плакаттык искусстводо да чагылдырылып келген. Ч.Айтматов да «согуш жана тынчтык» темасына келгенде согуш учурундагы кыргыз аялдарынын зор эмгегин, азаптуу тагдырын кыйгап өтпөстөн, бир канча чыгармаларында сүрөттөөгө алган. Жогоруда айтып өткөнүбүздөй «Бетме-бет», «Жамийла» жана «Саманчынын жолу» повесттери дал ушул маселе ге кайрылып, согуш учурундагы аялдардын согушту жеңүүгө кошкон зор салымын даңазалоо менен бирге алардын кыйын кезеңдеги оор турмушун, кейиштүү тагдырын чагылдырууга арналган, бул ыңгайдагы чыгармаларынын ичинен «Саманчынын жолу» повести өзгөчө сөз кылууга татыктуу.

Экинчиден, жазуучу дал ушул повесттери менен образ куруудагы жеке табылгасын ачып көрсөтүүнү баштаган десек болот. Бир караганда образ түзүүнүн классикалык үлгүсүндөй, Улуу Ата-Мекендик согуштун кыйын мезгили, жеңишке жеке салымын кошууга жан үрөп иштеген аялдар, согуштун азабынан трагедияны башынан өткөрүү ж.б.у.с. көрүнүштөр согуш мезгилин сүрөттөгөн дээрлик бардык чыгармаларда орун алган. Мына ушундан улам Айтматов түзгөн бул образдар башкалардан эч айырмаланбайт турбайбы деген түшүнүк да жаралышы мүмкүн. Бирок, бул үч чыгарманы окуп баштаганда эле жазуучу ал мезгилдеги башка жазуучулардан айырмаланып турган образдык курулмаларды жаратканын билебиз. Албетте, образ түзүүдөгү романтикалуу-патетикалуу мезгили дал ушул чыгармаларында орун алгандыгы ачык көрүнүп турат, ошого карабастан жеке өзгөчөлүккө ээ экендиги акырындап ачылып, көрүнө баштайт:

Биринчиден, ал мезгилдеги көптөгөн чыгармаларда согуш мезгилиндеги турмушту жалпы элдин фонунан панорамалуу сүрөттөө орун алса, Ч.Айтматов жалпы элдин тагдырын, турмушун сүрөттөөдөн кандайдыр бир деңгээлде алыстап, басымды адамдын жеке тагдырына койгон. Тактап айтканда, каармынын образын ачууда жеке адамдын тагдырын сүрөттөөнү алдыга алып чыгууну баштаган. «Бетме-бет» менен башталган бул көрүнүш «Саманчынын жолу» повестинде ого бетер тереңдеген, согуш мезгилиндеги элдин турмушун, жашоо ыңгайын, кыйын кырдаалды Толгонай аттуу жөнөкөй, эмгекчил каарманынын жеке тагдырын сүрөттөө менен алып чыккан. Повесть жарык көргөндө эле кызыгууну жараткан, жарык көргөндөн көп өтпөстөн (Борбугулов М. Учу-кыйырсыз жол // Советтик Кыргызстан, 1963. 10-март, Жигитов С. «Саманчынын жолу» – адамзаттын жолу // Ала-Тоо, 1963. Июнь, №6, Асаналиев К. «Саманчынын жолу» – өмүр жолу // Советтик Кыргызстан, 1964-жыл, 22-май) ж.б. сын-макалалар биринин артынан бири чыгып, баарында айтматовдук изденүүнүн жаңы мезгили башталганы белгиленген.

Повестте турмуш чындыгын эки аялдын: Толгонай менен Алимандын турмуштары аркылуу билебиз. Окуянын негизин кармап турган бул Толгонай. Автор анын мүнөзүн жаш кезинен тарта, өмүрүнүн аяк жагынан чейин турмушун сүрөттөө менен ачкан. Толгонай согуштун бүтүндөй азап-тозогун башынан өткөргөн, оор сыноолорду көтөргөн, бар болгон нерсесинин

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



баарынан айрылган, башынан трагедиялуу тагдырды өткөргөн аял. Бирок, оор турмушка майышып, кайгыга мөгдөп калбастан, жакшылыктан үмүтүн үзбөстөн жашап калган эрки күчтүү аял. Мына ушундай аялдын образы түзүлгөн!

Экинчиден, Толгонайдын жеке тагдырын ачып көрсөтүүдө аны бир үй-бүлөнүн тагдыры менен эле көрсөтпөстөн жалпы элдин турмушу менен байланыштуу сүрөттөгөн. Ооба, Толгонайдын турмушу, көргөн азап-тозогу согуш учурундагы бүтүндөй совет элинин тагдыры эле!

Повесттин сюжетинин негизи совет адабиятынын бардыгына тааныш окуядан куралган. Толгонайдын бала кези совет бийлигинин алгачкы жылдарына туура келет, жаш кезинен турмуштун кыйынчылыгын башынан өткөрөт, жатакчынын кызы болуп дыйкандын түйшүктү турмушун башынан кечирет, революциянын алгачкы жылдарынан тартып, эмгекке бышып өсөт, турмушка чыгып, жолдошу Субанкул экөө колхоз курулушунан алгачкы жылдарынан тартып, колдорунан келген жумуштарды аткарышып, чарбанын түптөлүшүнө жеке жардамдарын берип келишет, үч уулдуу болушат, келин алып, турмушу бир калыпта уланып, Субанкул экөө эмгегинин үзүрүн көрөрдө согуш чыгат. Толгонай күйөөсү, балдары согушка аттанышканда Субанкулдун ордуна бригадир болуп иштеп, согуш аяктаганга чейин бел чечпей эмгектенип, айылдаштарына жаман көрүнгөнгө чейин барып, ак кызматын кылат. Бирок, согуш бүткөндө бар болгон нерсесинин баарынан айрылат, күйөөсү, балдары Ата-Мекенин коргоодо курман болушат. Мына ушундайча согуштун азап-тозогун аябай тартат, күйөөсү, уулдарынын бири да кайтпайт, акыр-аягы келининен да айрылат, болгон үмүтү келининен калган наристе бала менен байланып калат.

Мына ушундайча согуш мезгилин башынан өткөргөн элдин турмушунун бир үзүмү сүрөттөлгөн, окуя жалпы совет эли башынан өткөргөн трагедиялуу турмуштун типтүү көрүнүшүн сүрөттөп жатат. Окуянын мындай көрүнүшү көптөгөн адабияттарда орун алган. Бирок, окуя сюжеттик негизге кандай алынбасын автордун чеберчилигине жараша коюуланат деп айтылгандай, Ч. Айтматовдун талантынын аркасында кадимки турмуш көрүнүшү сүрөттөөнүн жаңыча ыкмасында өзгөчө көрүнүшкө өсүп чыккан. Көрүнүп тургандай, Толгонай турмуштун оор сыноолоруна туш келет, адилетсиз кыйынчылыктарды да башынан өткөрөт, драмалуу, трагедиялуу тагдырды да көтөрөт. Бирок, мөгдөп, чөгүп калбайт, акыр-аягына чейин күрөшүп, бардык кыйынчылыктарга туруштук берип, акыры жеңип чыгат.

«Ушинтип согуш эң акыркы өчүн да алып тынды. Ошол күнкү баскан жол турмушумда эң оор жол болду го. «Тү, сенин бетине дүйнө! - дедим. - Кечтим сенден, кечтим. Жашагым келбейт! Минтип өмүр сүргөн чакты, бүгүндөн калбай өлөм!» - деп, ниетим бузулуп, турмуштан безип келе жаттым. Мен ушинтип келе жатканда, чапанымдагы бала, тирүү жандай, улам кыбырап коюп, улам үн чыгарып ыңаалап ыйлап жатты. Анын денеси жүрөгүмдүн астында улам жылуу тартып, боорума жакындай берди. Же кыз, же эркек экенин да билген жокмун. Алда байкушум ай, адегенде эле энеңди жоктоп калдыңго деп, ого бетер буркурап ыйладым. Ошол күйүт, арман ыйдын арасынан кандайдыр бир бүдөмүк ой туулду: «Өмүр таптакыр эле түгөнүп калбаптыр го. Аягында кичинекей тирүү жан калыптыр го. Турмуш менен дагы кармашып көрсөк кантет» [1, 637-б.] Согуш күйөөсүн, үч баласын, акыр-аягы келинин да алып тынат! Мына ушундай кыйынчылыкта сынбастан, келининен калган кичинекей баланы багып, неберем үчүн деп жашап калат, адам баласы араң көтөрө турган кыйынчылыкка кептелсе да максатынан, ишеничинен артка кайтпайт! Бул Толгонайдын майтарылбас кайратын көрсөтүп турат. Ч.Айтматов каарманын дал ушундайча, азап-тозокто, кыйынчылыкта сүрөттөйт.

Улуу Ата-Мекендик согуш учурунда тылда эмгектенип, совет элинин жеңишке жетишишине жеке салымдарын кошкон аялдар өтө көп болгон. Ч.Айтматов мына ушул чындыкты Толгонайдын турмушун сүрөттөө менен көрсөтүүгө жетишкен. Бирок, Толгонай совет адабиятындагы согуш мезгилин чагылдырган чыгармалардагы типтүү каармандардан, анткени, согуштун азабынан кыйын учурга кептелген, татаал тагдырды башынан өткөргөн, турмушунда драмалуу да, трагедиялуу да кырдаалга туш болгон эмгекчил, жөнөкөй аялдын тагдыры сүрөттөлүп жатат. Бирок, бул образ башка образдардан айырмаланып турат, анткени, Толгонай кыйынчылыктарды, оор тагдырды, трагедияны башынан өткөргөнүнө карабастан турмушка болгон ишеничинен айрылбаган эрки күчтүү инсан бойдон кала алган. Анын образынын жаңычылдыгынын бир өңүтү ушунда турат. Экинчиден, жазуучу Толгонайдын жеке тагдырын сүрөттөөнү эле максат кылган эмес, бир адамдын турмушун сүрөттөө менен аны бир үй-бүлөнүн чегинде эле эмес кыргыз элинин турмушу менен, ал гана эмес бүтүндөй совет элинин турмушу менен, татаал тагдыры менен байланыштырып сүрөттөгөн. Жыйынтыгында каарманынын жеке турмушун жалпы совет элинин жашоо турмушу менен бирге көрсөтүүгө жетишкен. Дал ушул жерден улуу жазуучунун образ түзүүдөгү дагы бир ийгилигин айтпай кетсек болбойт, ооба автор жалпы элдин тагдырын бир аялдын тагдыры менен алып чыга алган.

«Турмуштук көрүнүштөрдү конкреттүү жана жалпылаштырып сүрөттөөнү **образ** дешет. Образ – турмуштук окуялардын элестүү чагылышы, искусствонун негизги касиети, бөтөнчөлүгү.

Окумуштуу чындыкты түшүнүктөрдүн, аныктамалардын, фактылардын, тажрыйбалуу мисалдардын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



негизинде далилдеп көрсөтсө, жазуучу турмушту образ аркылуу сүрөттөйт» [2, 343-б.] - деп, кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгүн түзгөн К.Асаналиев айткандай, образ автордун турмуш чындыгын кандай чагылдыргысы келсе, ага жардамдашат. Образ түзүүгө жетишүү үчүн көрүп, билген окуялардан тартып, турмуштун өзүн таанып-билип, анан керектүүлөрүн тандап алып, иштеп чыгуу менен образ жаратат. Искусство чыгармаларынын көркөм образ түзүүнүн өзүнчө материалына ээ деп айтылгандай, көркөм образ көркөм адабиятта тилдин, сөздүн жардамы аркылуу жаралат. Ч.Айтматов бул жагынан алдына жазуучу чыгарбаган чебер экенин билебиз, Толгонайдын образын түзүүдө жана ачып берүүдө көркөм шарттуулук ыкмасын колдонуп, бул образга жанаша, ал гана эмес кошо Жер-Эненин образын алып чыккан. Жер-Эне бүткөн образ катары чыгармага башынан аягына чейин толук катышат, окурман окуя менен экөөнүн диалогу аркылуу таанышат. Тактап айтканда, жазуучу конкреттүү нерсе менен көрсөткүсү келген нерсени – Улуу Ата-Мекендик согуштун адамзатка алып келген азап-тозогун, жалпы совет элинин башына түшкөн мүшкүлдү – Жер-Эне менен Толгонайдын диалогу менен ачып берген. Дал ушул нерсени толук ачып көрсөтүү үчүн көркөм шарттуулук ыкмасын колдонгон. Жазуучу образ түзүү үчүн сөздү тынбай иштетүүнүн натыйжасында жетишкен: «Искусство чыгармаларынын ар бир түрү көркөм образ түзүүнүн өзүнчө атайын материалына ээ. Алсак, көркөм образ живописте – боёктун, скульптурада – таш, мрамор, гипстин, бийде – кыймыл-аракеттин, музыкада – дабыштын, адабиятта – тилдин, сөздүн жардамы аркасында жаралат» [3, 142-б.] - деп айтылгандай, Толгонай баш болгон бир канча образдарды түзүү үчүн Айтматов сөздү чебер иштетүү аркылуу максатына жеткен. Сөздү иштетүүдө көркөм шарттуулук ыкмасын Жер-Эненин образын түзүү менен, Толгонай экөөнүн сүйлөшүүсүн, диалогун окурмандардын алдына коюу аркылуу аны ыңгайлуу колдоно алган. Повесть адегенде эле экөөнүн диалогу менен башталып, окуянын өнүгүшү андан-ары дал ушул ыкмада уланган.

« - Башыңды өйдө көтөр, Толгонай, кайрат кыл.

- Жарайт. Андан башка чарам барбы. Эсиңдеби, айланайын тууган жер, ошол күнкү?

- Мен эчтекени унутпаймын, Толгонай. Жарык дүйнө орногондон бери, кылымдар тагы баары менде. Китепке сыйбаган, адамдын эсинен чыгып жоголгон тарыхтын баары менде. Сенин да башыңдан өткөргөн тагдырың – жүрөгүмдө. Сүйлөй бер, сүйлө, Толгонай, сүйлө пендем, бүгүн кулак сенде!

- Ох, эмнени айтайын. Ошонун эртесинде күн чыга электе орок оруп, жумушка киришкик. Ал күнү биз чоң сайдын үстүндөгү жар бойлогон аңызга түштүк. Жаңы эле орок шилтеп, кызып келе жатат элек, суунун аркы маңдайынды чаап келе жаткан атчан көрүндү. Тим эле артынан куугун түшкөндөй, камышты, бадалды аралай, ат жалына жата калган неме, суунун жээгиндеги таштакка жете келди да, аттын оозун тартпай түз урду. Бул ким болуп кетти, төмөндөгү көпүрөгө салбай, мынча эмне шашылды деп карап калдык. Атчан орус жигит экен» [4, 565-566-бб.].

Мына ушундайча экөөнүн пикирлешүүсү менен окуя айтылып, автордун позициясы дааналана берет да, Толгонай менен Жер-эненин шарттуу образы жандуу каармандай, образдай катышып, жер менен адамды сүйлөштүрүү аркылуу айтайын деген оюу алдыга чыгат. Окурман Толгонайдын тагдырын, элдин тагдырын, кыйын мезгилдин кыйынчылыгын көркөм шарттуулуктун жардамында түшүнөт. Эмне үчүн көркөм шарттуулукту колдонгондугунун жообун белгилүү адабиятчы-сынчы К.Асаналиевдин айтканы менен бекемдей кетсек: «Көрсө, дыйкан аялдын бүт өмүрү, тагдыры, биринчи ынак сүйүүсүнөн баштап, жер-эне менен өмүрлөш, тагдырлаш экен. Мына ошондуктан жер-эне дыйкан аялдын арыз-муңун «угат», кадимкидей «жооп» берет, жана акырында, дегеле ааламда Адамдан күчтүү, Адамдан адилет эч нерсе жок экенин «моюнга» да алат. Мына ушул «өз ара түшүнүүнүнүн» өзүндө адамдын түбөлүктүүлүгү, өлбөстүгү жөнүндөгү терең ой, философиялык подтекст жатат» [5, 12-13-бб.]

Айтматов кандай адамдын образын түзбөсүн аны реалдуу түзөт, бир да каарманын идеалдуу кылып, кемчиликсиз сүрөттөгөнүн таппайбыз. *«Художественный образ* – категория эстетики, характеризующая результат осмысления автором (художником) какого-либо явления, процесса свойственными тому или иному виду искусства способами, объективированный в форме произведения как целого или его отдельных фрагментов, частей (так, литературное произведение-образ может включать в себя систему образов персонажей; скульптурная композиция, будучи целостным образом, нередко состоит из галереи пластических образов)» [6, 131-б.] - көркөм образга берилген аныктамада айтылгандай, жазуучу бул образы менен согуш деген кандай трагедияны алып келерин, ал трагедия оңой менен өчө койбостугун айта алган. Аялдардын образынын канчалаган галареясын түзсө да реалдуулуктан алыстабастан, реалдуу чындыктагы реалдуу жашап өткөн адамдын көркөм образын сүрөттөөгө жетишип, турмуштун өзүндөй сүрөттөйт. Толгонайдын образы мунун бир мисалы. Маселен, Толгонай колхозчунун үй-бүлөсүндө өсүп чоңойгон, бирок, андан интеллигент адамдын жан-дүйнөсү байкалып турган, ал боорукер, мээримдүү, башкалардын кайгысын тең бөлүшкөн адилеттүү, элинин жеңиши үчүн өзүн курмандыкка чалууга даяр турган күчтүү жана адептик жагынан башкаларга үлгү болгон кыргыздын жөнөкөй эмгекчи аялы эле. Толгонай турмуштун катаал тартыштыгын башынан өткөрөт, бирок ага

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



сынып калбастан күчтүү инсан катары кала алат. Мына ушунусу менен ал аялзатынын баатырдык мүнөзүн көрсөтө алган. Жазуучу каарманынын мына ушундай көп кырынан көрсөтүүгө умтулган. Бирок, Толгонайдын образын идеалдаштырып сүрөттөгөн эмес. Анын ордуна турмуш чындыгынан алыстабастан, ошол эле мезгилде көркөмдөп, советтик аялдын типтүү мүнөзүн алып чыккан.

Толгонайдын образы социалисттик реализм методунун талабына, принцибине туура келет. Социалисттик реализм эстетикасынын романтизациялоо, идеализациялоо деген түшүнүктөрүнө туура келет. «Оң каарман» деген талапка да жооп берет. Ал советтик адамдын, согуш мезгилинде тылда эмгектенген эмгекчи аялдын типтүү өкүлү, жүрүш туруш жагынан баарына үлгү боло алат. Толгонай мына ушул рамкага туура келген, анткени, бул реалдуу турмуштун чындыгы эле. Ал мезгилде бардык эмгекчилер согуштун тезирээк бүтүшүн, фашизмди жеңүүгө болгон күч-аракетин жумшашкан. Ч. Айтматов мына ушул «чындыкты» Толгонайдын образын түзүү менен ачып көрсөткөн. Бирок, баса белгилей кетүүчү нерсе - жазуучу социалисттик реализм эстетикасында «оң каарман» жана «терс каарман» деген бири-бирине карама-каршы келген, бири-бирине таптакыр окшошпогон, бирөө «оң», экинчиси «терс» деген бир беткей каармандарды түзгөн эмес. Адабиятка коюлган талапты толук колдоп, жаза берген эмес, тактап айтканда: «Чындыгында сүрөткер коом, мезгил талап кылган эреже, догмалардан чыга албаган, чектелип калган жазуучу болбостон жаңылануууга, алдын-ала белгиленген чен-өлчөмдөр менен чектелбестен чыгарма жаратууга аракеттенген, жаңыча ойлонгон инсан болуу керек» [7, 229-б.] - деген пикир Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына дал келет.

Жогортодон көрсөтүлгөн талаптарды аткара бербестен, улуу алаамат мезгилиндеги элдин турмушун панорамалуу сүрөттөөдөн, коллективдин сүрөтүн тартуу менен убара болбостон, анын ордуна басымды жеке адамдын тагдырын ачып берүүгө багыттаган. Толгонай аркылуу элдин тагдыры алдыга чыккан, ошол эле мезгилде анын жеке адамдык касиети, дүйнө туюму, болуп жаткан окуялар тууралуу ойлонуусу алдыга чыккан. Образ түзүүдөгү өзгөчөлүгү дал ушул чен-өлчөм менен да белгиленет.

**Адабияттар:**


1. Айтматов Ч. Гүлсарат. – Ф.: Кыргызстан, 1978. - 644-б.
2. Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. - Б., 2004. - 572-б.
3. Рысалиев К. Көркөм чыгарманын тили. /Ала-Тоо, 1978, №3.
4. Айтматов Ч. Гүлсарат. - Ф.: Кыргызстан, 1978. - 644-б.
5. Асаналиев К. Доор менен бирге. - Ф., 1981. - 232-б.
6. Введение в литературоведение. Литературное произведение: основные понятия и термины: Уч. пос. / Л.В. Чернец, В.Е. Хализев, С.Н. Бройтман и др. - М., 1999. - 556 с.
7. Асакеева Д. Ж. Чыгармачылыкка көрүлгөн камкордук жана саясий жактан мотивацияланган талаптар, чектөөлөр // Наука и новые технологии. - Б., 2013. - №3. - 228-231-бб.